| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын депутаттарынын кезектеги V сессиясынын

№ 23 ТОКТОМУ

02. 08. 2024-жыл — Арал айылы

**Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевдин 6 (алты) айлык отчету жөнүндө**

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жаныбаевдин 2024-жылдын 6 (алты) ай ичинде аткарган иштеринин жыйынтыгы боюнча отчетун угуп жана талкуулап, Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V шайланган депутаттарынын кезектеги V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевдин 6 (алты) ай ичинде аткарган иштеринин отчету «канааттандырарлык» деп табылсын.
2. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын. Аталган токтом расмий жарыялангандан кийин , Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн көчүрмөсү жиберилсин.
3. Жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо жана ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н. Нарматовага милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Атай айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасы — Н.Т.Жээнбаев

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
02.08.2024-жылдагы
№23 токтомуна тиркеме

# Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын 6 айлык отчету

## Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 1 –июлуна карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча маалымат

1. Бюджеттик каражаттын чыгашалар, сметанын аткарылышы форма №2 отчету боюнча 2024-жылдын 6 айына чыгашалар 13361,1 миң сомго смета бекитилген 27657,1 миң сомго такталган жана кассалык чыгымдар 12037,2 сомду түзгөн. Тактап айтканда сметада каралган суммадан 1791,7 миң сомго аз чыгымдалган.

Теңдөөчү гранттан- 7747,6 миң сом

Максаттуу трансферттен – 434,9 миң сом

Жергиликтүү бюджеттен - 4038,9 миң сом

Республикалык бюджеттен - 554,4 миң сом элге электр энергия үчүн жардам катары которулуп берилди.

2024-жылдын 6 айында бюджеттин чыгымдалышы төмөндөгүдөй болду:

| Аталыштары | Берене | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык жана анык чыгым |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 2111 | 8290,2 | 14652,2 | 8523,5 |
| Соц.фодго взнос | 2121 | 1160,5 | 2115,5 | 1148,3 |
| Сапар чыгым | 2211 | 160,0 | 320,5 | 86,6 |
| Интернет байланыш | 2212 | 35,0 | 90,0 | 44,0 |
| Транспорт кызматы | 2214 | 250,0 | 387,5 | 119,5 |
| Ар түрдүү товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 2215 | 1065,7 | 2258,3 | 436,6 |
| Тамак аш сатып алуу | 2218 | 119 | 219 | 136,5 |
| Мүлктөрдү утурумдук ондоо чыгымдары | 2221 | 80 | 380 | 55 |
| Утурумдук чарбалык максаттар үчүн предметтер жана материалдар | 2222 | 275 | 433,6 | 92,2 |
| Көмүр жана отун сатып алуу | 2224 | 734,9 | 1559,9 | 0 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 24 | 24 | 0 |
| КР жегиликтүү органдарынын бирикмесине (союз МСУ взнос) | 2621 | 5 | 13 | 0 |
| Калкка жеңилдиктер | 2721 | 45 | 510,6 | 565.4 |
| Резервдик фонд | 2824 | 273 | 472,4 | 310.6 |
| Имараттар курулмалар | 3111 | 998,8 | 3404,6 | 430.6 |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 135 | 816,6 | 88.4 |

**Баары** **13651,1** **27657,7**
**12037,2**

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
02.08.2024-жылдагы
№23 токтомуна тиркеме

# Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын 6 айлык отчету

## Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 1 –июлуна карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча маалымат

1. Бюджеттик каражаттын чыгашалар, сметанын аткарылышы форма №2 отчету боюнча 2024-жылдын 6 айына чыгашалар 13361,1 миң сомго смета бекитилген 27657,1 миң сомго такталган жана кассалык чыгымдар 12037,2 сомду түзгөн. Тактап айтканда сметада каралган суммадан 1791,7 миң сомго аз чыгымдалган.

Теңдөөчү гранттан- 7747,6 миң сом

Максаттуу трансферттен – 434,9 миң сом

Жергиликтүү бюджеттен - 4038,9 миң сом

Республикалык бюджеттен - 554,4 миң сом элге электр энергия үчүн жардам катары которулуп берилди.

2024-жылдын 6 айында бюджеттин чыгымдалышы төмөндөгүдөй болду:

| Аталыштары | Берене | Бекитилген смета | Такталган смета | Кассалык жана анык чыгым |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 2111 | 8290,2 | 14652,2 | 8523,5 |
| Соц.фодго взнос | 2121 | 1160,5 | 2115,5 | 1148,3 |
| Сапар чыгым | 2211 | 160,0 | 320,5 | 86,6 |
| Интернет байланыш | 2212 | 35,0 | 90,0 | 44,0 |
| Транспорт кызматы | 2214 | 250,0 | 387,5 | 119,5 |
| Ар түрдүү товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 2215 | 1065,7 | 2258,3 | 436,6 |
| Тамак аш сатып алуу | 2218 | 119 | 219 | 136,5 |
| Мүлктөрдү утурумдук ондоо чыгымдары | 2221 | 80 | 380 | 55 |
| Утурумдук чарбалык максаттар үчүн предметтер жана материалдар | 2222 | 275 | 433,6 | 92,2 |
| Көмүр жана отун сатып алуу | 2224 | 734,9 | 1559,9 | 0 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 24 | 24 | 0 |
| КР жегиликтүү органдарынын бирикмесине (союз МСУ взнос) | 2621 | 5 | 13 | 0 |
| Калкка жеңилдиктер | 2721 | 45 | 510,6 | 565,4 |
| Резервдик фонд | 2824 | 273 | 472,4 | 310,6 |
| Имараттар курулмалар | 3111 | 998,8 | 3404,6 | 430,6 |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 135 | 816,6 | 88,4 |

**Баары** **13651,1** **27657,7**
**12037,2**

**Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүндө 2024-жылдын 6 ай ичинде тартылган инвестиция жана аткарылган иштер боюнча маалымат.**

1. Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүндө "Мамлекеттик сатып алуулар" боюнча 20 тендер жарыяланып, бир булактан алуу ыкмасын колдонууда 12 келишим түзүлүп, архитектура, РЭТ мекемесинин уруксат алуу үчүн каттар жазылды. Балдар ойноочу аянтчанын өздүк салымына Тогуз-Торо өнүктүрүү фондусу мекемесине долбоор жазылып жактырылды. Райондук статистика башкармалыгына отчет берилди. Арал айылынын М.Рысалиев көчөсүнүн 670 метрине жана Арал айылындагы А.Аттокуров көчөсүнүн 450 метрин асфальттоо иштери жүргүзүлүп бүткөрүлдү. Арал айылындагы М.Жунушалиев атындагы маданият үйүнүн сыртын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн тендер жарыяланып, "ГИГАКОМ" ЖЧК утуп ремонт иштери башталып жатат. ФАО долбоорунун окуу семинар тренингтер өткөрүлүүдө. Карл Маркс айылындагы балдар ойноочу аянтчанын курулушу бүткөрүлүп кабыл алынды. Атай айылынын Султан көчөсүн 750 метр жолун ондоп түзөө иштерин жүргүзүлүп асфальт төшөлүп 5597669 сомдук иш аткарылып, пайдаланууга берилди. Карл Маркс айылынын ичүүчү таза суунун тетиктерин ондогонго жергиликтүү айыл тургундары тарабынан 42,3 (кырк эки миң үч жүз) сомдук демөөрчүлүк көрсөтүлдү.
   Барктабас жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучуларынын "Акылман" интеллектуалдык таймаш жана башка иш чараларды уюштурууда Атай айылынын тургундары Бекмаматов Төлөгөн 20,0(жыйырма миң) сомдук медаль, китеп, грамота, Эркин уулу Эрлан 30,0 (отуз миң) сомго теннис столун, жаштар тарабынан 19,5 (он тогуз миң беш жүз) сомдук футбол ойноочу топ алып берип жана башкаларга демөөрчүлүк көрсөтүштү.
2. Араптардын Ас-Сафа коомдук фондусу тарабынан Атай айыл аймагына жалпы 81500 кг көмүр келип, 500 кгдан аз камсыз үй бүлөлөргө, жалгыз бой энелерге, аксакалдарга жалпы 58000 кг таратылды. Көк-Ирим айыл аймагына 23500кг көмүр таратылып, жалпы 407500 сомдук жардам берилди.
3. "Ихсан Хайрия" кайрымдуулук фонду тарабынан Атай айыл аймагындагы 35 аз камсыз үй бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга, көп балалуу үй бүлөлөргө 25 кг ун, күнүмдүк керектелүүчү азыктар таратылып, 122500 сомдук жардам берилди.
4. Барктабас жалпы билим берүүчү орто мектебинин 11-классынын окуучуларына негизги тест боюнча 6600 сомго, Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 11-классынын окуучуларына негизги тест боюнча 3000 сомго, айыл тургундарынын демөөрчүлүгү тарабынан китептер алынып берилди.
   "Бейиш Эненин таманында" кино тасмасына Атай айылынын тургуну Бекмаматов Канат айыл тургундарынын руханий эс алуусуна шарт түзүп, айылдагы аз камсыз, баатыр эне, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга 50,0(элүү миң) сомго билет алып берип демөөрчүлүк көрсөттү.
5. Атай айыл өкмөтүнүн аймагындагы №5 Барктабас жалпы билим берүүчү орто мектебинин маданий иш чара өткөрүү үчүн формаларына ата-энелер тарабынан - 89 000 сомдук, Кыргыз радиосунда уюшулган Республикалык "Акыл Таймаш интеллектуалдык оюнуна" катышкан 5 окуучуга 20,0 сомдук,стулдарга чехол 2,0 сомдук демөөрчүлүк көрсөтүлдү.
6. Атай айылындагы Жеткинчек мектепке чейинки билим берүү уюмуна ата-энелер тарабынан 4,0 сомдук чаң соргуч алынып берилди.

7. Карл Маркс айылындагы Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин маданий иш чараларын өткөрүү үчүн ата-энелер тарабынан 20,0 сомдук форма, адабий китептер -4,0 сомго китеп фондусу толукталды.
8. Арал айылындагы № 3 Б.Үрстөнбеков жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Социалдык адилеттүүлүк күнүнө"карата -9400 сомдук жана маданий иш чара өткөрүүгө 63750 сомдук форма, информатика кабинетине кронштейн 2,0 сомдук демөөрчүлөр тарабынан алынып берилди.
9. Жергиликтүү бюджеттен Доржу каналынын ондоп түзөө иштерине 438,7 сомдук цемент жана башка керектелүүчүлөр алынды.
10. Арал айылындагы Айзирек бала бакчасынын таза суусун тартуу боюнча хоз товар шланги жана башка керектелүүчү товарларды алууга 48,0 сом жергиликтүү бюджеттен каралды.
11. Карл Маркс айылындагы балдар ойноочу аянтчанын курулушуна 528,1 сом Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фондусунан которулду.
12. Атай айыл өкмөтүнүн аймагындагы №5 Барктабас жалпы билим берүүчү орто мектебинин акыркы коңгуроо аземине 20 жылдык бүтүрүүчүлөр спорт зал жасалгасына 35,0 сом, телевизор 25,0 сом, 10 жылдык 30,0 светной принтер, демөөрчүлөр тарабынан электронный саат 4000 сомго, окуу китептерин жана Манастын 8- томун жалпы 15,0 сомдук китеп алып беришти.
13. Карл Маркс айылындагы Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин акыркы коңгуроо аземине 20 жылдык бүтүрүүчүлөр 20,0сомго адабий китеп, 10жылдык 6,0 сом, волейбол сетка, 11-класс сахнага тартылуучу көшөгө 10,0 сом, 1-класстын ата-энелери 19,5 сомдук колонка, микрафон алынып берилди.
14. Арал айылындагы № 3 Б.Үрстөнбеков жалпы билим берүүчү орто мектебине 10-20 жылдыктар тарабынан окуу куралы 15,0 сом, диван кресло 18,0 сомдук алынып берилди.
15. 8-март Аялдардын Эл аралык майрамына карата жергиликтуу бюджеттен 25 000 сом каралып, демоорчулор тарабынан 50 000 сомдук колдоо корсотулду.

Атай айыл аймагындагы Айзирек, Саке-Бий, Актан, Жеткинчек мектепке чейинки билим берүү уюмдарына 1-Июнь Балдарды коргоо күнүнө карата Макмал Голд компаниясы тарабынан телевизор, цветной принтер 20,0 сомдон жалпы 80,0 (сексен миң) сомдук демөөрчүлүк көрсөтүлдү.

Бирдик айылындагы ФАПтын имаратына, Актан мектепке чейинки билим берүү уюмунун имаратына ичүүчү таза суу киргизүү үчүн 50,0 (элүү миң) сом акча каражаты демөөрчүлөр тарабынан каржыланды.

Республикалык аралык "Ыр кесе" өткөрүү үчүн 40,0 сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн бюджетинен каралды.

1-Июнь Балдарды коргоо күнүнө карата жергиликтүү бюджеттен 9,0 (тогуз миң) сом акча каражаты каралды.

Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму тарабынан Кыргыз Республикасындагы токойлорго жана жайыттарга климаттык инвестициялар аркылуу көмүртектин секвестрациясы (CS-FOR) деген окуу Арал айылында өткөрүлүп, активдүү катышкандар үчүн жалпы 3,0 (үч миң) сомдук кепка, суу куйган идиш, баштык берилди.

**Жалпы инвестиция: 7 900 919 сом (Сырткы инвестиция 533 мин, ички инвестиция 7 млн 367 мин 919 сом)инвестиция тартылды.**

## 2024-жылдын 6 айында аткарган жумуштардын статистикалык маалыматы

Атай айыл аймагы боюнча жалпы аянты 81712 га , мунун ичинен суугат жер 1353 га, кайрак жер 2538 га, кызыр аңыз 103 га , Чөп чабынды 423 га, жайыт жер 58001 га , менчик огород 241 га, ар кандай бадалдуу жерлер 19053 га жер аянтты түзөт.

2024-жылга карата 1072 га жер айдалып мунун ичинен, буудай 208 га, арпа 392 га, жүгөрү 175 га, картошка 68 га, жашылча 65 га, көп жылдык чөп 164 га, айдалып себилген. Айыл аймагы боюнча көп жылдык чөп жана чөп чабынды жерлер 2828 га түзөт.

## Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн салык боюнча 2024 - жылдын 6 айлык маалыматы:

| № | Кирешенин түрү | 6 айлык план | Аткарылган факт | % | Калдык (+/-) |
|---|---|---|---|---|---|
| 11111100 | Киреше салыгы | 2700,0 | 3342,4 | 123% | +642,4 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патент | 7,0 | 9,7 | 138% | +2,7 |
| 11312110 | Транспорт салыгы | 156,9 | 162,2 | 103,4% | +5,3 |
| 11321100 | Огород салыгы | 68,3 | 72,4 | 105,9% | +4,0 |
| 14152600 | Аренда салыгы | 60,0 | 19,9 | 33% | -40,1 |
| | **Баардыгы:** | **2992,2** | **3606,6** | **120,5%** | **+614,4** |

## Социалдык маселелер боюнча 2024-жылдын 6 айына маалымат

**Жакырчылык денгээли:**
2024 жылдын май айына карата түтүн саны 1227, калктын саны 6383, жалпы жакыр үй бүлө 512, жакырчылык денгээли 41,7 пайыз. жакырчылык денгээли 3,0 пайызга кыскартылды.

**Аз камсыз үй бүлөнүн балдарына жөлөк пулдун чектелиши:**
Электрондук соц паспорттун негизинде 104 үй бүлөнүн 16 жашка чейинки 358 баласына 1440-1740 сомдон жөлөк пул чектелген. М.и. Арал айылы 42, Бирдик 31, Атай 19, Карл-Маркс айылынан 12 аз камсыз үй бүлө балдарына жөлөк пул алат. Жөлөк пул алуучуларлын даректүүлүгүн аныктоо максатында айына жеринен кыдырылып, көзөмөлгө алынып турат.

**Документи жок жарандар менен иш алып баруу:**
Бүгүнкү күндө айыл аймагында документи жок жарандар жок.

**Социалдык адилеттүүлүк күнүн өткөрүү боюнча**
Иш чаранын негизинде айыл өкмөтүнүнө караштуу Бейше, Бирдик орто мектебинин мугалимдер жамааты жана жеке ишкерлер менен биргеликте 24 аз камсыз, ДМЧ окуучуларга 21300 сомдук азык –түлүк, кийим жана акчалай жардамдарды беришкен. жеке ишкер Токтомамбетова Мимоза 6 аз камсыз, ДМЧ жаранга ар бирине 8000 сомдук, жалпы 48000 сомдук азык –түлүк, кийим, жана акчалай жардам берип колдоо көрсөтүү, Абдымалик к Кундуз 3000 сомдук кийим жана бут кийим берип 3 жаранга колдоо көрсөттү.

Социалдык адилеттүүлүк күнүнө туш келген 8- март аялдардын эл аралык күнүнө карата айыл аймагындагы женил автоунаасы бар 10 айдоочу 50 айымды м.и аз камсыз 30 айымды район ичине бекер алып барып, 10000 сомдук колдоо көрсөтүшүп айымдарга майрамдык маанай тартуулашты.

УДТ, ФАП кызматкерлери тарабынан айыл аймагындагы кары, жалгыз бой адамдарга бекер медициналык кызмат көрсөтүлдү. Мындан сырткары жалпы билим берүүчү орто мектебинин соц педагогу тарабынан ички жана тышкы миграцияда жүргөн ата энелердин балдары такталып, класс жетекчилери менен биргеликте баланын жашоо шарты боюнча үйлөрүнө барып жеринен көрүп келишти.

Жалпы социалдык адилеттүүлуктүн бир айлыгынын алкагында 65 аз камсыз, ДМЧ жаранга 78300 сомдук жардам берилди.

**Долбоорлор менен иш алып баруу:**

-БУУДАТП на Атай айыл аймагынын Чайыр-Талаа-Ала-Жыгач участкасына сугат суу жеткирүү максатында "Доржу" суу каналынын 1000 метр аралыгын бетондоого, Атай паркка эс алуучу жай куурута жана Арал айылындагы Б.Аалиева көчөсүнүн 800 м жерине таза суу чыгарууга долбоор өткөрүлүп, айыл аймагындагы жумушсуз аз камсыз үй бүлөлөрдөн жалпы 81 жумушсуз аз камсыз үй бүлө убактылуу иш менен болушат. Иштеген эмгеги үчүн акысына 6 мешоктон ун, 30 л суу май алышат.

Атай айыл өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы "Социалдык контрактын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө" № 385-токтомуна ылайык, 2024-жылдын 6 айына жалпы соц контрактын негизинде иш алып барабыз деп 6 жаран кайрылып, м.и 2 жарандын эсеп счетуна кайтарымсыз 100000 сом которулду

м.и. жандык мал башын көбөйтүүгө- 5
бал аарысын өстүрүүгө-1

эскерте кетсек 2022-2023-жылдары Атай айыл аймагынан жалпы 40 үй бүлө социалдык контрактын негизинде кайтарымсыз 100 мин сом иш жүргүзүп келишүүдө.

**Көп балалуу энелер менен иш алып баруу**

КР мамлекеттик сыйлыгы "Баатыр эне" орденине 3 эненин, "Эне данкы" медалына 3 эненин документтери даярдалууда. Атай айыл аймагында жалпы 115 "Баатыр-эне" орденин , 89 "Эне –данк" медалын алган көп балалуу энелер каттоого алынган.

**Жумушсуздар менен иш алып баруу**

Бирдик айылындагы ФАПка суу киргизүү үчүн жана саркынды суу куюлуучу чункурча каздыруу үчүн ЭСКМБна долбоор жазылып, айыл аймагындагы жумушсуздарга коомдук жумуш уюштурулуп ага 15 жумушсуз абыктуу ишке тартылды.

**Мигранттар менен иш алып баруу боюнча**

Айыл аймагында ички миграцияда 1110 жана тышкы миграцияда 91 жаран эмгек акы табуу үчүн миграцияда жүрүшөт. Мигрант ата энелердин жалпы 75 баласы каттоого алынган. М.и ички мигранттын балдары 59, тышкы мигранттын 16 баласы бүгүнкү күндө чон ата, таяталарында жана жакынкы туугандарында багылууда.

**Жарым, томолой жетим балдар менен иш алып баруу**

Айыл аймагында жалпы 4 томолой жетим,71 жарым жетим бала каттоого алынган. 3 томолой жетим балага "Айыл банктан" атайын эсеп счеттору ачылган. Ал эми бир баланы жакынкы туугандарына көзөмөлчүлүккө өткөрүп берүү боюнча документи дардалууда. 2024-жылы балдардын жайкы эс алуусун уюштурууда 6 жарым жетим бала Ысык-Көл облусундагы "Алтын балалык" ден соолукту чындоо борборуна 10 күнгө эс алууга жөнөтүлдү.

## М.Жунушалиев атындагы маданият үйүнүн 6 – айлыгынын маалыматы.

15- **февраль Ооган согушуна 35 жыл.** М.Жунушалиев атындагы маданият үйүндө ардагерлердин атап айтканда Калыков Каныбек, Молдобаев Сабырбек жана Алманбетов Базылбек аталардын үй-бүлөлүк сүрөт галереясы чыгарылды. Райондук денгээлде өткөн маданий иш чарага ардактуу 3 ардагерлер катышып, айыл өкмөт тарабынан акчалай колдоо көрсөтүлдү.

16- **21- февраль Эл аралык эне – тил күнүнө карата М.Жунушалиев атындагы маданият үйүндө** «Тил ар улуттун башкы байлыгы» аттуу темада маалымат чыгарылды. Келген окурмандарга №3

арналган ыр жыйнактары маданият үйүнүн радио уктуруусунан элге угуза уктурулду.

**23- февраль Мекенди коргоонун күнү.** М.Жунушалиев атындагы маданият үйүндө «Мекенди коргоо ыйык милдет» аттуу темада бурч уюштурулуп, элге мекен темасында ырлар радиодон угуза уктурулду.

***8- март аялдардын Эл аралык күнүнө карата 6- март күнү*** «Аял сулуу жаздай жарашып, эне ыйык жакшылыкка жанашып» аттуу темада М.Жунушалиев атындагы маданият үйүндө иш чара өткөрүлдү. Иш чараны айыл өкмөт башчы Аскер Карыпбекович ачып каалоо – тилектерин айтып 8- март айымдарга арналган белектерди берип куттуктады. Ошондой эле «Аялзат аалам ажары», «Эне үйдүн куту, ааламдын уюткусу» аттуу лозунгдар илинип, сценарийдин негизинде айылдын ырчы, бийчи айымдары, апалары жана аппарат кызматкерлери катышып, концерттик программа аккордеон менен коштолду. Концерттик программа Арал мектебинин мугалимдер жамаатынан түзүлгөн «Достор» тобу жана Бирдик орто мектебинин мугалими Кураналиева Бүбүсара жетектеген «Таң нуру» комузчулар тобу өз өнөрлөрүн тартуулашты.

*Катышуучулардын саны: 120*

21- ***март Нооруз – 2024 элдик майрамына карата айыл*** аймакта айлана –чөйрөнү тазаланып, көчөлөрү ирээтке келтирилди. Элдик майрамга айыл тургундары «Нооруз» өткөрүшүп, сүмөлөк кайнатышып, чака чапмай, аркан тартмай, жоолук салмай уюндарын ойношту. ***Райондук денгээлде*** өткөн иш чарага тапшырмага ылайык айыл өкмөт тарабынан «Боз үй» тигилип, Аялдар кеңеши менен биргеликте кийиз буюмдарынын түрлөрүнөн көргөзмө сынагы уюштурулду. Сынактын жыйынтыгында Арал айылынын уз чебери Обозова Санамбү апа 3 –орунду алып, кызыктыруучу сыйлык администрация тарабынан берилди. Майрамдык иш чарага аппарат кызматкерлери кыргыздын улуттук кийимдерин кийишти. Айылдан барган жергиликтүү тургундар да жарманкеге активдүү катышып, нан түрлөрү, сүмөлөк, суусундуктун түрлөрүн(бозо, жарма) жана дагы көптөгөн өздүк продукцияларын чыгарышты. Кыргыздын улуттук спорттук «Ордо» оюнуна Арал, Бирдик айылдарынан 4 команда катышып келишти. Нооруз -2024 элдик майрамында кыргыздын улуттук «Боз үй» тигүү жана ички жасалгасы боюнча 1500 сом акчалай сыйлыкка ээ болду.Катышуучулардын саны: 30 киши

**7 – апрель элдик революция күнү**. Айылдык клубда бурч уюштурулуп, 7 – апрель элдик революция күнү деген аталышта тактага маалыматтар илинди.

**9 – май жениш күнү.** Атай айыл өкмөтүндө Улуу жеңиштин 79 жылдыгы . Бул күнү Атай айыл аймагынын өкмөт башчысы Аскер Карыпбекович тылдын ардагери Атай айылынын тургуну 100 жаштагы Тазова Токтакан апаны майрамы менен куттуктап атайын таттуулар менен бирге материалдык жардам көрсөттү. Андан соң Арал айылындагы атайын тарыхый , өчпөс от аянтчасында Атай айыл өкмөтүнүн жалпы кызматкерлеринин катышуусунда майрамдык салтанат болуп өттү. Улуу жеңиштин курман болгондордун элесине арналып гүл коюлуп, куран окулду. Улуу Жеңиштин ардагерлерин алардын кылган эрдиктерин эч качан унутпай, түбөлүккө таазим кылабыз.

**Майдын 3- жумалыгы «Энелер күнү».** Атай айыл аймагынын айылдык клубдары биргеликте «Келин алуу» каада – салты менен коштолгон концерттик программа менен коштолду. Соңунда Аскер Карыпбекович жана ал жетектеген аппараттын кызматкерлери , айылдык кеңештин депутаттары, аялдар кеңешинин төрайымдары энелерге майрамдык куттуктоо сөздөрүн айтышып, белектерин арнашты.

1- **Июнь балдарды коргоонун күнү.** Айылдык клубда «Балдар биздин келечек» аттуу иш – чара уюштурулуп , иш –чара «Сен мыктысын» кичи долбоору менен коштолду. Кичинекей келечек ээлерин майрамы менен куттуктап айыл өкмөт тараптан балмуздактар таратылды.

**Чарбалык иштер:** М.Жунушалиев атындагы маданият үйүндө азыркы убакта санитардык абалы каралып, айланасы ирээтке келтирилип, тазалоо иштери жүргүзүлүп ашыкча таштандылар алынды. Көрүү залынын лампачкалары жаңыртылды. Тапшырмага ылайык ар жума сайын ишембиликтер өткөрүлүп, гүлдөр тигилип, ашыкча чабынды чөптөр алынып, азыркы убакка чейин иштер жүргүзүлүп жатат.

**Атай айыл өкмөтүнүн башчысы:** **А.К.Жаныбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ АТАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ
ИНН 02308201310051